
*Ахмад Аль-Райсуни*

# МАЛЕК БЕННАБИНИН КООМДУК-ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК НЕГИЗДЕРИНИН ЦИВИЛИЗАЦИЯГА КАРАТА МАМИЛЕСИ




(IIIT) «Кыскача сунушталган китептер» сериясы

**Бадран Бенлахсен**

# МАЛЕК БЕННАБИНИН КООМДУК-ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК НЕГИЗДЕРИНИН ЦИВИЛИЗАЦИЯГА КАРАТА МАМИЛЕСИ

Ислам Ойлору Эл аралык Институту (IIIT)

*Бишкек - 2020*

**УДК**

**ББК**

**Китептин демөөрчүсү:**
**Ислам Ойлору Эл аралык Институту (IIIT)**
**Херндон, Вирджиния, США**
**Билим Интеграция Институту**
**Грузия, Тбилиси**

Китепти англисчеден кыргызчага которгон **Ибраев Алмаз Орозакунович**
Китептин редактору **Беделбек кызы Вера**

Автору **Бадран Бенлахсен**
Малек Беннабинин Коомдук-Интеллектуалдык Негиздеринин Цивилиза-цияга карата мамилеси / Которгон Ибраев А.О.:– Б.: 2020. – 36 б.

Бул китеп жалпы окурмандарга, Ислам динине кызыккандарга, Ислам динин изилдегендерге өтө пайдалуу. Бул китептин өзгөчөлүгү – исламга болгон жаңы көз караштар сунуштайт. Мусулмандарды калыптанып калган эски көрүнүштөрдөн арылтып, чыныгы ийгиликке жеткире турган жолдору чагылдырылат.

Китеп «Ихсан Хайрия» коомдук фонду тарабынан бастырылган

**КЫРГЫЗСТАН МУСУЛМАНДАРЫНЫН ДИН БАШКАРМАСЫ**

**Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы тарабынан тастыкталат. №**

The Socio-Intellectual Foundations Of Malek Bennabi’s Approach To Civilization (Kyrgyz)
Badrane Benlahcene
IIIT Books-In-Brief Series

Малек Беннабинин Коомдук-Интеллектуалдык Негиздеринин Цивилиза-цияга карата мамилеси
Бадран Бенлахсен
(IIIT) «Кыскача сунушталган китептер» сериясы

© Ислам Ойлору Эл аралык Институту (IIIT)

The international Institute of Islamic Thought (IIIT)
P. O. Box 669
Herndon, VA 20172, USA
www.iiit.org

IIIT London Office
P.O. Box 126
Richmond, Surrey
TW9 2UD, UK
www.iiituk.com

БКБ
УДК

© Бадран Бенлахсен, 2020

# IIIT “Кыскача сунушталган китептер” китептердин сериясы

Бул Ислам Ойлоруну Эл аралык Институтунун (IIIT) кыскача китептер сериясы окурмандарга түп нусканын негизги мазмуну жөнүндө түшүнүк берүү үчүн институттун негизги публикацияларынын кыска формага келтирилген баалуу коллекциясы болуп саналат. Окуганга ыңгайлуу, убакытты үнөмдөгөн кыска форматта чыгарылат. Бул конспекттер чоңураак, ири публикациялардын жакындан кылдат изилденген обзорлору болуп, окурмандарды түп нусканы андан ары тереңдеп изилдөөсүнө түрткү болот деп үмүттөнөбүз.

«Малек Беннабинин коомдук-интеллектуалдык негиздеринин цивилизацияга карата мамилеси» аттуу эмгек толугу менен 2011-жылы басылып чыкты. Самуэль Хантингтондун «Цивилизациялардын кагылышыбы?» аттуу макаласы, цивилизация тууралуу тынчсыздануулар жана чыр-чатактар кайрадан дүйнөлүк тартип тууралуу талкуу киргизилүүсүнө себеп болду. Белгилүү алжир ойчулу жана улуу мусулман интеллектуалы Малек Бенаби (1905-1973) Батыш цивилизациясындагы мусулманчылыктын орду бирде өнүгүп, бирде начарлап кетүүсүнүн себебин аныктоого көп көңүл бурган. Анын божомолунда көйгөй Куран китебинде эмес, мусулмандардын өзүндө. Бенаби цивилизация ички, тышкы жана коомдук факторлор тарабынан башкарылат жана «адам, жер, убакыт» деген үч элементтен турган теңдеме деп аныктама берген. Китептин автору метатеоризация (башка бир теориянын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн иликтөө) жолу аркылуу Бенабинин цивилизацияга карата мамилесин жана негизги принциптерин иликтеп, цивилизациянын теңдемеси болгон интригалуу үч элементке басым жасаган. Бенабинин ою боюнча «адам+топурак+убакыт = цивилизация» теңдемеси жана андагы дин эч кандай өзгөрүүгө дуушар болбой эле, башкалардын таасирин күчөтүп, же азайтып тескеп турат жа-на анын мааниси Мусулманчылыктын начарлап кетүүсүндө чечмеленип, түшүндүрүлүп берилет. Бенаби үчүн адам – цивилизациянын бардык жараяндарынын борбордук күчү жана адамсыз жер менен убакыттын эч кандай мааниси жок экендиги бизге түшүнүктүү болду.

Эгер жыйынтыкка келе турган болсок, Бенабинин «мусулмандар руханий абалын өзгөртмөйүнчө, көпкө узаган коомдун маанилүү өзгөрүүлөрүнө жетише албайт» деген жаңылышсыз пикири Куран аяттарында да айтылат (13:11)

# Киришүү

Бул китеп, белгилүү алжир ойчулу жана улуу мусулман интеллектуалы Малек Бенабинин (1905-1973) методология жана философиясына жаңы түшүнүктөрдү алып келүү менен анын эмгегине арналат. Анын изилдөөлөрү Батыш цивилизациясы менен маданиятындагы Мусулманчылыктын өркүндөп өсүп же тескерисинче начарлап кетүүсүнүн себеби Куранда эмес, мусулман элинин өзүндө экенин көрсөттү. Анткени цивилизацияны башкарган, колониялаштыруунун факторлору жана анын накта кесепеттери, мусулмандардын өзгөрүлүүсүнө себеп болуп, Мусулман дүйнөсүндөгү көйгөйлөрүн чечип, Мусулман Ренессансынын башталышына себеп болмок.

Бенабиге таандык эмгектердин үстүндө иштөө учурунда даяр метатеориациялык ыкмаларды колдонуп, Бенабинин цивилизацияга карата ар тараптуу мамилелерин жана анын негизги курамын, принцибин толук түрдө ачып берүү үчүн мүмкүн болгон адабияттардан сырткары маалыматтарды издөөгө туура келди. Бул аракеттер – цивилизацияны башкарган ички-тышкы жана коомдук-интеллектуалдык факторлорду жана биз жогоруда айткан теңдеме, кайра эле цивилизациянын өзүнө арналган деген Бенабинин теориясын биринчи планга чыгаруу үчүн жасалды.

Бенабинин ою боюнча, дин өз абалын өзгөртпөй туруп «адам+жер +убакыт=цивилизация» теңдемесин кыймылын жөнгө салып жана өзгөртө алган эң негизги күч, жана анын мусулманчылыктын урап кетүүсүндө да маанилүү орду бар, Бенаби үчүн адам бардык цивилизациялык жараяндардын борбордук күчү, ансыз эки элементтин эч кандай баалуулугу жок.

«Мусулмандар коомду жакшы жакка өзгөртүүдөн мурун, өздөрүнүн руханий абалын оңдошу керек» - деген ишеними Куранда да берилген (13:11)

Цивилизацияны жана дүйнөлүк өзгөрүүлөрдү изилдөө илимий чөйрөдөгү көрүнүктүү орундуу ээлеп келе жатат. Көпчүлүк окумуштуу-ойчулдар, жетектөөчү цивилизационисттердин эмгектерин кайра карап чыгууга чакыруушууда. Бенаби биринчи социалдык философ Ибн Халдундун убагынан тарта цивилизация, адам коомдорун башкарган универсалдуу мыйзамдарды жана анын негизги принциптерин изилдеп, тарыхтагы тагдырын аныктап берет. Анын Мусулман цивилизациясынын кулап бара жатканына болгон тынчсызданууссу, алсыздануунун себебин аныктап, чечүүчү жолдорду табууга түрткү болду. Бул кыйын абалдан – экономика,

саясат же идеологиянын жардамы менен чыккандын ордуна, «жаңыча ой жүгүртүүнү» цивилизациянын кыймылдаткычы катары сунуштады.

Бенаби цивилизациянын, маданияттын ар тараптуу өсүп-өнүгүүсүндөгү адамдын кыймыл-аракетин изилдөө үчүн Ислам дини жана коомдук илимдер тууралуу терең билими менен иш алып барган. Ал коомдук көйгөйлөрдү (тарыхый жана коомдук кубулуштарды изилдөөгө ылайыктуу болгон) цивилизациянын чегинде гана чечүүнү максат кылып койгон. Бенаби: «Ар бир элдин көйгөйү, чындыгында, ал жашаган цивилизациянын көйгөйү болуп эсептелет», – деп айткан.

Бенабинин философиясы Исламдын терең түшүнүктөрүнө негизделген, бирдиктүү системанын чагылдырылышы. Анын цивилизацияны изилдөөгө карата колдонгон ыкмалары цивилизациянын тарыхый агымындагы Мусулман маданиятынын кыйын кырдаалын аныктап, анын себептери жана чыгуу жолдору тууралуу түшүндүрөт. Бенабинин тарыхый, социалдык илимий даярдыктары, философиялык кеңири көз карашы Европанын цивилизациясын талдоого чоң жардам берип, үммөттүн (жамаат, коом) алсыз жана күчтүү тараптарын аныктап, башкача ой-пикирлердин калыптануусуна себеп болду. Бул окуу Бенабинин цивилизацияга карата мамилесиндеги ыкмаларды аныктоого багытталган. Окуунун алкагында, анын куралдары, методдору, теориялары, концепциялары каралып, андагы жараян жана колдонулган ыкмалары изилденет. Башкы максат, азыркы цивилизацияны түшүнүү жана анын коомдук жашоого алып келген кесепеттерин жаман-жакшыга ажыратып, чечим кабыл кылуучуларга цивилизациянын үлгүсүн түзүп берүү.

Бенабинин метатеориташкалык ыкмасы 19-кылымдан тарта, ар тараптуу талдоонун системасы аркылуу артта калган мусулман цивилизациясын кайра жандандырууга аракеттенишкен мусулман дүйнөсүнүн интеллектуалдык иш-аракеттерин чагылдырып келет. Ибн Халдундун эмгектеринин жардамы менен жана философиянын тарыхына, социалдык илимдерге таянган дисциплина аралык ыкмалардын оң жыйынтыгы Мусулман дүйнөсүндөгү, андан сырткары дүйнөлүк цивилизациядагы түрдүү багыттагы чечүүгө кыйын болгон көйгөйлөрдү аныктаганга өбөлгө түзөт.

Бенабинин цивилизация тууралуу концепциясын дурус түшүнүү үчүн, Джордж Рицердин Социалдык теориянын баштапкы түзүлүшүн системалуу түрдө изилдөө боюнча метатеоритикалык ыкмасын колдонобуз. Бул ыкма Бенабинин идеяларынын өнүгүүсүнүн түпкү чөйрөсүнө, Исламдын интеллектуалдык жана маданий чектөөлөрү үчүн системалуу болуп көбүрөөк ылайыкташтырылган. Автор метатеоризациянын биринчи түрүн

 колдонот. Азыркы изилдөөнүн максаты – метатеоризациянын төрт жолу аркылуу Бенабинин ыкмасын жакшыраак түшүнүү.

Метатеоретикалык ыкма – башка бир илимий теорияны тереңирээк түшүнүү үчүн, өз ичине изилдөө жүргүзүүчү теорияларды камтыйт. Анын **ички социалдык ченеми** – изилдөө чөйрөсүндөгү социалдык факторго басым жасап, ушул жаатта иш алып барат, ал эми маалымат жана түшүнүктөрдүн калыптанышына жооптуу эмес. **Тышкы социалдык ченеми** – кеңири коомчулукту жана анын илимий маселелер менен алектенүүсүнө болгон таасирин байкоо максатында макро деңгээлге көтөрүлөт, андан сырткары илимий маселелер менен алектенүү жараяны менен түрдүү институттардын өз ара карым-катнашын белгилейт. Бенаби жана Тышкы социалдык ченемдин байланышы, тышкы социалдык факторлор менен анын окуусунун калыптанышы, өнүгүшүнүн ортосундагы карым-катышка багытталат.

Ички интеллектуалдык ыкма, цивилизацияны изилдөөдө салт болуп калган ички интеллектуалдык жана таанып билүү, кабыл алуу боюнча көйгөйлөргө басым жасайт. Бул ыкма ой жүгүртүү, салтка айланган негизги окуулардын жыйнагын аныктап алардын өзгөрүүсүнө жана метатеоритикалык каражаттардын өнүүгүсү үчүн жасалган иш-аракеттерди камтыйт. Тышкы интеллектуалдык ченем цивилизацияны изилдөөдө: көз караш, түшүнүк, теория жана каражаттар үчүн сырткы академиялык чөйрөлөргө кайрылат. Бенабинин мисалында, бул ченем өз ичине Куранга кайрылып, Мусулман дүйнөсүнүн диний ой жүгүртүүсүн, философия, психология, табигый илим жана цивилизацияны изилдөө аймагынан тышкары, интеллектуалдык ишмердүүлүктөрдү жана анын үстөмдүк кылган эки салттуу окууларын киргизген.

Метатеоретикалык ыкмалар даяр теорияларды түшүнүү, баалоо, сындоо жана жакшыртуу үчүн иретке келтирилген усулдардын жыйындысы. Метатеоретиктер социологиялык теориялардын көбүнчөсү салыштырма топтомдорун ийне жибине чейин ырааттуулук менен изилдешет. Метатеоретикалык ыкма, даяр теориялардын үстүнөн сындап, талдоо жүргүзүп, ылайыктуу баа бергенге мүмкүнчүлүк берет.

Бул изилдөөдөгү метатеоретикалык ыкманын салыштырма усулунун үлгүсү Бенабинин цивилизацияны түшүнүү тууралуу окуусу менен Ибн Халдундун, жана башкалардын окууларын салыштыруу үчүн колдонулат. Автор изилдөөдө көптөгөн аралаш усулдарды колдонгон, тарыхый, салыштырма талдоолорду контент (маанилик) талдоо менен айкалыштырган. Маанилик талдоо учурунда, Бенабинин көрсөтмөлөрүн түшүнүү, окуусу-

нун негизги түзүлүшүн аныктоодо, анын ар башка концепцияларын метатеоретикалык ыкмаларга негизделген терең түшүнүктөрдүн системасы катары кароо максатында Бенабинин түшүндүрмөлөрүнө, божомолдоруна жана терминдерине кайрылат. Андан сырткары татаал дүйнөнү түшүнүүгө карата, коомдун макро жана микро үзгүлтүксүз жараяндары, таанып билүүнүн далилдүү фактыларга негизделген окуулары да колдонулган.

Бенабинин цивилизацияга карата мамилесинин түзүлүшүн талдоо жөнүндөгү ушул иликтөөнүн негизги таяныч булактары анын өзүнө таандык өзгөчө эмгектер. Бенаби китептеринин баарын, андан сырткары социология жана анын түрдүү тармактары, тарых философиясы, адам жөнүндөгү илим жана башка коомдук илимдер тууралуу эмгектерин *Mushkilat-al-Hadarah* (Цивилизациянын көйгөйлөрү) деген жалпы аталыш менен жарыкка чыгарган. Ал эми экинчи даражадагы булактар катары автор башка адабияттарды колдонгон.

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ

## Цивилизация: Концепциялар жана жол-жоболор.

Цивилизацияны изилдөө чөйрөсүндө, дисциплина аралык ыкманы колдонуу тажрыйба менен теория үчүн бир топ жемиштүү, анткени ал бул иш-чаранын бардык тармактарын өз ичине алат. Адамзаттын тарыхындагы «цивилизация» түшүнүгүнүн өнүгүүсүн жана көйгөйлөрдү чечүүдөгү жол-жоболорун изилдеп жатып, бул чөлкөмгө тиешелүү басымдуулук кылган салттуу окууларды жана багыттарды ачыкка чыгарсак болот. Цивилизациянын түшүнүктөрү, түрдүү коомдогу, ар кандай тилдердин жана маданий үрп-адаттардын жыйынтыгында пайда болгонун аныктоо айрыкча мусулман жана Батыш салттарында бир топ түйшүктүү жумуш. Андан сырткары, цивилизациянын ар кайсы тармактарына таандык аныктамалар боюнча да талаш-тартыштар жаралат. Маданияттын өнүккөн доору – эң зор маданий билим деген аныктама боюнча көпчүлүк ой пикирлер дал келишет. Мисалга алсак, Хатингтон өнүккөн маданиятты ар убак тарыхтын өнүгүүсү менен кошо караган, ошондой эле, Ибн Халдун жана башка окумуштуулар сыяктуу маданияттын өнүгүүсүн дин менен айкалыштырып, динге өнүккөн маданияттын борбору деп мүнөздөмө берген.

Ислам дини жана Мухаммед Пайгамбар уруучул араб коомундагы социалдык мамилелердин негиздерин, ар түрдүү социалдык катмарларды жана этникалык топторду бириктирүүчү көз караштарга негизделген

Исламдын жарандык коомуна айландырды. Жаңы коомдун жана жаңы маданияттын негиздөөчүсү катары Мухаммед Пайгамбар, көчмөнчүлүк менен уруучул салттарды өнүккөн шаарга алмаштыруу зарыл экенин түшүндү. Анын шаары Медина өнүккөн маданияттын очогу болуп эсептелген.

Мусулман маданий салттарынын «цивилизация» термини биринчи жолу 14-кылымда Ибн Халдундун жазууларында пайда болгон. Ал *hadarah* жана *Umran* терминдерин Батыштын цивилизациясы менен салыштырып, араб тилиндеги *Ilm-al Umran* терминин – цивилизацияны окуткан илим катары тааныштырган. Ибн Халдун цивилизацияны адамдар чогу жашап, жакын отурукташуу үчүн эң керектүү аймак катары караган. Ибн Халдундун цивилизация жөнүндөгү түшүндүрмөлөрү менен корутундулары адамзаттын өрчүү кубулушунун негизи болуп саналат.

Мусулман интеллегенциясындагы цивилизация түшүнүктөрүнүн андан аркы өнүгүшү 19-кылымдын аягында Исламдын кайра жаралуусу жана азыркы Европа менен биринчи беттешүүсүнө туш болот. Араб дүйнөсүнүн

окумуштуу интеллегенттеринин чөйрөсүндө *hadarah* терминин колдонуу өзгөчө басымга ээ болуп, Бенаби биринчи болуп бул терминди цивилизациянын түшүндүрмөсү катары тандап алган. Мусулман дүйнөсүнүн башка тилдеринде *«мадания»* же туунду маанилери колдонулган.

Цивилизациянын алгачкы маанилерин туюндурган аныктама боюнча Батыш менен Мусулмандардын көз карашы дал келишет, мисалы: шаардык турак үйлөр, калктын отурукташуу тартиби жана анын уюштурулуусу. Цивилизацияны түшүндүргөн түрдүү тилдердеги сөздөр, цивилизация – шаардык коомчулукту, кайсы бир башкаруунун түрүн, билимдүүлүктүн белгисин, адамдардын жашоо чөйрөсүн өзгөртө алуу мүмкүнчүлүгүн, адистештирилген кызматтарды, социалдык мамилелердин тармактарын, Кудай, Жараткан жана диний ишенимдер жөнүндөгү түшүнүктөрдүн топтомун бир сөз менен түшүндүргөн термин.

Негизги мүнөздөмөлөрү менен дал келгенине карабастан, аны өнүктүрүүчү иш-аракеттеринде, усулдук ыкмаларында, көздөлгөн максат жана концепциялары боюнча айырмачылыктар кездешет. Мисалга алсак, тарых, философия, социалдык илимдер жана аларга тиешелүү болгон багыттар антропология, социологиянын «жетектөөчү үлгүлөрү» болгон логикалык түзүлүштөрүндө, аларды окутуунун максаты, адам үчүн аткарган кызматтары эки бөлөк чечмеленет. Бул эмгек Бенабинин концепциялары боюнча station aздыр көптүр, ал эми цивилизациянын көйгөйлөрүн түшүнүү үчүн толугу менен негиз болуп бере алат.

Тарыхтын философиясы деген багыт өткөн окуяларга акылга сыйуучу түшүндүрмө берүү аракетинен улам пайда болгон. Тарых – болуп өткөн окуяларды, кырдаалды, кыймыл-аракеттерди окуткан «биринчи кезектеги» илим болсо, тарыхтын философиясы бул багыттагы «экинчи кезектеги» илим. Башкача айтканда, болуп өткөн окуяларга түз байланышы жок, анын ордуна өткөн окуялардын жообун кыйыр түрдө оңдоп, түзөөгө аракеттенген «метаизилдөө» деп карасак туура болот. Анткени, тарыхтын философтору, тарыхый жараяндарга ар тараптуу баа беришет жана универсалдуу көз карашты карманышат.

Тарыхчылар эмне үчүн коом өзгөрүп, андагы жашоочулардын милдетин жана алар ишенген кудуреттүү күчтөрдү, тарыхый кыймылдардагы жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү камтыган өткөн убакты баяндап берүүгө умтулушат. Кээ бирлери бардык кубулуштар Кудайдын эрки менен болоорун бөтөнчө белгилешсе, башкалары тарыхый жараяндардагы адамзаттын же болбосо экономикалык жана башка белгисиз күчтөрдүн таасирлерин туу тутуп, ошого сыйынып калышкан. Тарыхка өнүгүү багытында сарасеп

 салчу болсок, Платон, Гердер жана Гегель жана башка Европа ойчулдары «Жүйүт-Христиандык» көз караштагы мезгилдерди жана ошол кездеги тарыхты, «эң мыкты баалуулуктар менен тарыхый цикл айкалышкан» өнүгүү катары сүрөттөшкөн.

Тарых философиясынын салттуу үлгүлөрүнө жана анын цивилизацияга карата түрдүү ык мамилелерине салыштырмалуу, социалдык илим карманган үлгүлөрдүн жыйындысы эми пайда болуп жатат. Адамзаттын цивилизациясы жана маданиятына биринчи көңүл бурган илим бул – антропология. Антропологиялык түзүлүш боюнча аныкталган цивилизация – маданияттын эң бийик деңгээли жана аябагандай кенен маданий бүтүндүүлүк.

Социологдор тарыхка башка тараптан карашат. Тарыхый социологиянын максаты, көп баскычтан турган өзгөрүү жараяндары үчүн биринчи эле кезекте, өнүгүүнүн үлгүсүн түзүү эмес, тарыхый окуялардын далилдерин жана алардын келип чыгуу булактарын, окуялардын социологиялык өңүтүн иликтегенче тарыхка өзгөчө басым коет. Бул жаатта цивилизация ири көлөмдүү кубулуш жана узак убакытка созулган тарыхый-эволюциялык жараян катары макросоциологиянын карамагына кирет. Социологдор, философ жана тарыхчылар сыяктуу эле адам баласынын жашоосундагы эң маанилүү болгон өзгөрүү жараяндарына көп изилдөөлөр керектелээрин түшүнүшөт.

Биздин заманыбыздын эң эле оорчундуу көйгөйлөрүнүн көбүнчөсү макросоциологиялык деп бааланып жана аларды чечүү үчүн, макросоциологиялык теория жана изилдөөлөр талап кылынат. Көпчүлүк ири социологиялык көйгөйлөр менен окуялардын өнүгүшү – бир гана социалдык тармакка байланыштуу маселе катары каралып, аларды изилдөө ушул жаатта эле чектелип калбашы керек. Макросоциология жана анын изилдөөлөрдүн топтомуна жасаган басымы, маданияттын түзүлүшүн, цивилизация жана коомчулукту жана чоң көлөмдөгү кубулуштарды иликтегенге мүмкүнчүлүк берди.

Социология өзгөрүлүү жараянын өлчөмүнө (үй-бүлө, коом, маданият, дүйнө); убакытына (тарыхый, узак мөөнөттүү, кыска мөөнөттүү) же маанилик өңүтүнө жараша (маданий, интеллектуалдык же цивилизациялык) деңгээлдерге бөлүп койгону, цивилизациялык жана тарыхый өзгөрүүлөрдү өздөштүрүүнү бир топко жеңилдетти.

Социалдык илимдерге тиешелүү, аткарылуучу иш-аракеттердин тажрыйбага негизделиши, көп сандаган философиялык жана теориялык суроолордун пайда болушуна жол берген жок. Бул эмгек – цивилизациянын

курамынын ар бир бөлүгүн кылдат карап чыгуу жана өз ара жол-жоболор аркылуу изилдөө үчүн усулдук колдонмо керек экендигин көрсөттү. Цивилизация жөнүндөгү ар кандай ой-пикирлер, концепциялар, анын көп кырдуу мүнөзүн жана аны өздөштүрүүдөгү азыркы ыкмалардын толук кандуу иштебесин көрсөткөнгө жардам бермек. Цивилизациянын деңгээлдерин өзүнчө бөлүп изилдөөдө жетиштүү жыйынтык бере албаган айрым жол-жоболор, комплекстүү ыкмалардын керектигин далилдейт. Комплекстүү изилдөөлөр, дүйнөлүк көз караш боюнча цивилизацияны бир мааниге алып келе алат.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

## Бенабинин цивилизацияга карата мамилесинин негизги концепциялары

Бенаби азыркы Мусулман дүйнөсүндөгү реформачыл жана заманбап көз караштардын туруктуу өсүп бара жаткандыгын сынга алат, себеби алар кризисти көңүлдөн сырт калтырып, анын белгилерине көп басым жасашат. Ал: «Мусулман дүйнөсүнүн кайра жаралуусу үчүн жасалган иш-аракеттер – кризистин алдын ала турган бирдиктүү жол-жоболорду бере алган жок» деп билдирди. Мусулман дүйнөсүндөгү көйгөйдүн башталышы, *al-Muwahhid* доору бүтүп, колониялаштыруунун башталышына барып такалат. Бүгүнкү Мусулман дүйнөсүнүн тагдыры үчүн колонизация күнөөлүү эмес, бирок, ага туруштук бере албаган адамдардын алсыздыгы, азыркы көйгөйлөрдүн себептеринин бири.

Бенаби цивилизацияга ар түрдүү аныктамаларды берет. Цивилизация коомдогу эң курч деген маселелерди чечүү үчүн, социалдык мүмкүнчүлүктөрдүн кыймылдаткычы деп эсептеп адамдын жашоосунун моралдык жана материалдык өңүттөрүн көрсөттү. Бүгүнкү коом тарых чөйрөсүндөгү адамдын ишмердүүлүгүнүн күзгүсү болуп жатса, демек, адам жана анын иш-аракеттери бардык цивилизациялык жараяндардын негизги күчү бойдон калат.

Бенаби моралдык жана материалдык көрсөткүчтөр адам коомундагы өз ара тилектештик, ынтымак, салмактуулукту орнотууда чечүүчү мааниге ээ экендигин тастыктады. Цивилизацияга, анын түзүлүшү жана коомдук

зарылчылыгына таянып төмөндөгүдөй аныктама берет: «Адам бир топтун ичинде жашаганды үйрөнүп жатып, тарыхый кызматын жана милдетин аткаруу жана адамдык жашоону уюштуруу үчүн социалдык тармактардын өтө керектигин түшүнүп жетүүсү».

Бенаби үчүн «Цивилизация = адам + жер+убакыттан» турган бирикме, кайра эле, цивилизациянын курамдык түзүлүшүн түшүндүргөн теңдемеси. Ар бир эле цивилизациялык кыймылдын же өндүрүштүн жогорудагы негизги элементтери, жаралган көйгөй маселелерди үч даражага: жер, адам, убакытка бөлүп карoo керектигин көрсөтүп жатат.

Бенаби жаратылып жаткан бүт буюм тайымдар, эң оболу адам, жер жана убакыттын жардамы аркылуу пайда болуп, бул үч негизги элемент, коомчулуктагы ар бир цивилизация жараянынын башталышынын негизи болуп эсептелет. Биз чыныгы адамдык сапаттарыбызды калыптандырып, жерди иштетип, убакытты туура бөлүштүрө алганыбызда гана цивилизация адамдын өнүгүүсү үчүн керектүү болгон коомдук кызматтарын аткара баштайт.

Бул теңдемедеги цивилизациянын алгачкы түзүлүшү болуп келген адам баласы бүткүл цивилизациялык жараяндар үчүн борбордук күч болуп кала берет. Бенаби коомду, чөйрөнү өзгөртүүгө аракеттенген реформачыл кыймылдарды сындап келген, анын айтуусунда чөйрөнү, коомду өзгөртүүнүн ордуна, адам баласынын бириккен тобун, мүнөздөмөсүн, идеалдарын, адамдык кырдаалдарды өзгөртүп, коомчулукта өз милдетин так аткарганда гана цивилизация көтөрүлөт.

Ал эми Курандын тажвид жөнүндөгү түшүнүгү же Курандагы тыбыштардын өзгөртүлбөй бардык тилдердин жалпы бир эрежеге баш ийип бирдей окулуусу, Бенабинин ою боюнча, бир максаттагы топтордун арасындагы чыр-чатактардын алдын алуу максатын көздөйт. Андан сырткары, маданиятты адамга, жеке инсан катары таасир этүүчү алгачкы күч, ал эми коомду болсо жамааттык бир бүтүн организм катары сыпаттайт. Маданиятты туура колдоно билүү жана андагы ыкмалардын натыйжалуулугунан цивилизациянын тарыхтагы тагдыры жана багыты көз каранды болот.

Бенабинин теңдемесиндеги үч негизги курамдын маданиятташтыруу жараянындагы багыты жана уюштурулуусунда диндин орду аябай маанилүү. Дээрлик дин катышкан бардык цивилизациялар тарыхта өнүгүп гүлдөө дооруна жетишишкен. Бирок, Бенабинин окууларына ылайык, дин: адам, жер, убакыттан турган курамды бир долбоор аркылуу бириктирип маданиятташтыруу жараянын баштабаса, анда ал өнүктүрүүчү, жандандыруу-

чу, өзгөртүүчү кызматын аткарбай калган болот. Бенаби азыркы цивилизация диний көз карашка негизделген адам, жер жана убакыттын айкалышындагы өзгөчө өнүгүү жолун иштеп чыкканын далилдеди.

Бенаби коомчулуктун табият чөйрөсүндөгү бүт бардык иш-аракеттердин кандайдыр бир бөлүгү төмөндөгү үч даражага, адамдарга, ой-пикирлерге жана материалдык заттарга таандыктыгы жана анын пайда болуусу тууралуу көп талкууларды жүргүзгөн. Жалпы кыймыл-аракеттер, адам жана анын жасаган иш-аракеттери, аларга кеткен материалдык каражат, курал шаймандар; аны ишке ашыруунун жол-жоболору – бул негизги үч курамдын (адам, ой пикир, материалдык дүйнө) өз ара бөлүктөрү менен болгон байланыштары, өзүнчө бир чоң коомдук түзүм боло алганын көрсөтүп жатат. Цивилизациянын жетишкендиги жана андагы иш-аракеттердин бир бүтүндүүлүгү, адам баласы тарабынан аткарылган эмгектин толук аягына чыгарылганынан көз каранды.

Жеке инсандык чөйрөдө, цивилизация жараяны өз ишмердүүлүгүн, коомдук кыймыл-аракеттер менен бир бүтүн болуп, өзүн калыптандыра алган жеке жактардан баштайт. Бенабиге таандык «Жекече инсандык чөйрө» белгилүү бир топко тиешелүү болгон мамилелердин жыйындысын түзүп, бекем же тескерисинче алсыз карым-катнаштардын маанисин өзгөчө белгилеп көрсөтүп турат. Ушундан улам, цивилизация жараянындагы коомчулуктун тагдыры, жеке инсандык чөйрөдө калыптанып жаткан мамилелердин мүнөзү жана сапатынан көз каранды.

Бенабинин ою боюнча, ой пикирлердин чөйрөсү, ыйык жана светтик булактардан алынган, таасирдүү ой жүгүртүүлөрдөн турат. Ошондой эле коомду, адеп-ахлактын белгилүү баалуулуктарына багыттаган үлгү катары да кызмат аткарат. Мусулман цивилизациясынын таасирдүү, из калтыруучу ой жүгүртүүлөрү Куран китеби жана Сүннөттөн алынган. Ал цивилизацияга чейинки коомду жандандырып, тарыхка кирүү үчүн цивилизациянын чыныгы маанисин чагылдырган түшүнүктөрдүн, байланыш жолдорун түптөп, өтө тездик менен өнүккөн идеялардын тирүү мисалы - бул цивилизация деп эсептейт.

Ой-пикирлердин чөйрөсү цивилизацияга өрнөк болчу мисалдарды алдынала байкап, маданияттан айырмаланып, жалпы адамдарга ылайыктуу болгон цивилизациянын эң мыкты үлгүсүн жарата алат. Коомчулуктун тарыхтагы жигердүү, жаратмандык иш-аракеттери үчүн ой-пикирлердин чөйрөсү аябай чоң мааниге ээ. Ал эми бизди курчап материалдык дүйнө чөйрөсү, цивилизациянын өнүгүүсүнө кажет болгон бүт каражат, шайман, табигый ресурс жана маалымат булактары менен камсыз кылып турат.

Ошондой эле, коомчулуктагы тарыхый кыймылдардын материалдык керектөөсүн каржылоо менен анын цивилизациялык жараяндагы ээлеген ордун, кызматын көрсөтүп бере алат.

Бенаби коомдун социо-маданий, тарыхый өнүгүү көз караштарына жана табиятка тыгыз байланышкан түшүнүктөрүнө таянып, инсандык ой пикирлердин жана материалдык чөйрөлөрдөгү тарыхый кыймылдардын эч бири «социалдык карым-катнаштардын тармагысыз» болушу мүмкүн эместигин бекемдеди. Бул үч чөйрөнүн арасындагы карама-каршылык жана аны чечүүгө багытталган иш-аракеттер, карым-катнаш тармактарынын бар экендигинен кабар берет. Материалдык чөйрө цивилизациядагы түптөөдөгү, тарыхый кыймылдар үчүн чөйрөлөрдү эң зарыл болгон карым-катнаш менен гана камсыз кылат. Чөйрөлөр социалдык карым-катнаштардын тармагысыз өз кызматтарын аткарууга жөндөмдүү эмес.

Эң оболу, Бенаби мусулман коомун кайра түзүп, маданиятын алсызданып начарлап кеткен доордун терс көрүнүштөрүнөн тазалоого кызыкдар болгондуктан «көз карандысыздыктын социологиясы» өтө зарыл экендигин баса белгиледи. «Коомго жаңы аныктама берүү менен жаңы социологиялык багытты ишке түшүрө алабыз» деп, учурдагы коом бир ордунда турганда, тарыхта өткөн коомдорду азыркыга чейин өнүгүп келе жатат деген аныктаманы мисал келтирген. Ал кээ бир мүнөздөмөлөрдүн тарыхтагы коомдордун бардык түрүнө карата жалпы айтылганын ачыкка чыгарган. Социалдык карым-катнаштардын тармагы коом мүчөлөрүн байланыштырып, алардын ишмердүүлүгүн, коомдун чыныгы милдети болуп эсептелген жалпы кызматты аткарууга багыттайт.

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

## Цивилизациянын жүрүшү тууралуу Бенабинин түшүндүрмөсү

Бенаби цивилизациядагы кубулуштардын кайталануусун «баскычтардын аткарылуу тартиби иреттик сандар сыяктуу окшош жайгашып, бирок ага таасир эткен шарттары бирдей эмес» - деп, цивилизациялык жараяндардын ишке ашуусундагы баскычтардын окшош экендигин божомолдогон. Ар бир социалдык топтордун цивилизацияда калтырган издери бар жана ар бир цивилизациянын башкалардан айырмаланган өзгөчөлүгү болот. Аларды өзүнө гана таандык болгон психикалык жагдайы жана орун алган

доору менен айырмалабасак, жалпысынан тарыхтагы басып өткөн жолдору окшош эле.

Ар бир цивилизация анын негизги курамы диний көз караштардын чегинде изилденип, иштелип, керектүү абалга келтирилгенде гана өз ишмердүүлүгүн баштайт. Ал эми анын пайдубалын түзгөн негизги курамдарынын карым-катнашы өнүгүп-өспөй калган учурда аягына келген болот. Негизи ар бир эле цивилизация адамзатка үлгү боло албай, өнүкпөй, кыйрап калганга чейин тарыхтагы өз кызматын аткарат. Бул учурда жаңы цивилизация, кайрадан башка тарыхый жүрүштү иштеп чыгып, өз жолуна түшөт. Цивилизациядагы бул сыяктуу өткөөл жараяндарга, тарыхтагы кубулуштардын кайталануу мезгили катары бааланып жаткандыгы да Бенабинин изилдөөлөрү аркылуу белгилүү болду.

Бенаби кандай гана цивилизация болбосун өзүнүн жүрүшүндө цизилизациянын өзгөрүүсүнө алып келе турган белгилүү бир жол аркылуу басып өтөт. Цивилизацияга чейинки баскычты аяктап, цивилизациялык (экинчи) баскычта: жан дүйнө (руханий), акыл-эс (акылга негизделген), туюмдан (тубаса сезим) турган үч мезгилди баштан өткөрөрүн тастыктады.

Бул кайталанма кубулуш жөнүндөгү түшүнүк мурунку цивилизациялардагы адамдын абалын аныктап, өнүгүүсүнө жана кыйроосуна себеп болгон жагдайларын сабак катары колдонуп, бүгүнкү социалдык көйгөйлөрдү чечүүсү мүмкүн. Кайталанма кубулуштун концепциясы цивилизациянын жүрүшүн чечмелеп, адамдын коомдо эмне үчүн жаралып, эмне үчүн жашап жатканын түшүндүрүп бере ала турган негизги изилдөөчү. Ибн Халдун бул оюн өнүктүргөн Бенаби адамдык цивилизация белгилүү бир орун-

дан жана белгилүү бир үлгү аркылуу башталат, ал эми соңку баскычтарында цивилизациянын баалуулуктары өзгөрүп башка орунга жылып кетет. Бул өткөөл мезгил кайталанма кубулуштун бар экендигине кепилдик деген ойлорду сунуштаган.

Бенаби экинчи баскычтагы үч мезгилди бир абалдан экинчи абалга өткөрүүчү ойдон чыгарылган жараян эмес эле, адамдагы жана коомдогу чоң өзгөрүлүүлөрдү, жаңылануун чагылдырып турат деп эсептеген. Жер, адам, убакытты кошуп, тарыхый, маанилүү бирикмени жаратуу үчүн, өзгөчө шарттар, жагдайлар керек болот. Жер, адам, убакыттын карым-катнашы тарыхый кыймылдардын башталышына туш болгондуктан, булардын биригүүсү коомдун жаралышынан белги берет. Бул көз караш менен алып караганда, биздин учурубуздагы социалдык баалуулуктар, азырынча чыныгы баалуулук болуп эсептелбейт.

Ар бир цивилизациянын башталышындагы кыймылдын негизин диний көз караштар түзөт. Андан кийин адамдын жашоосунда жана коомдо руханий мезгил үстөмдүк кылып баштайт. Бул мезгил аралыгында иретсиз болгон адамзат, коомдогу карым катнаштын тыгыз болуп башташы менен бир бүтүн болуп, коомго ылайыкташып калыптанат. Бул калыптандыруучу жараян диний көз караштардын талабына ылайык тубаса сезимдерди ишке ашыруучу кызматтардын байланышына айландырат. Адам өзүнүн жаңы абалы менен руханий күчтүн мыйзамдарына баш ийген жашоого киришет. Диний көз караштардын кеңейиши менен, цивилизация жаңы эрежелерди, жаңы үлгүлөрдү орнотуп көптөгөн көйгөйлөрдү чечип жаткан учурда, карым-катнаштын тармагы эң өнүккөн деңгээлине жетет. Коом өнүккөн сайын, материалдык керектөөлөрдүн өсүшү, калктын кеңейиши руханий ишенимдердин күчүн чектеп, цивилизацияны акыл-эстин дооруна бошотуп берет. Акыл-эс толугу менен адамдын ишмердүүлүгүн башкарып, цивилизациянын тарыхтагы өнүгүүсү улана берет. Цивилизация акыл-эске ыктаган сайын, коом мыкты өнүккөн карым-катнаштын пайдасын көрө баштайт, бирок, пайдасы менен бирге кемчиликтери да кошо жаралат. Психологиялык көз караш менен алганда, коомдук милдетин аткаруу үчүн жашоо кубаттуулугу жетишпей, өз мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен башкара албай калат. Коомдун бир бөлүгү алдан тайып бир орундан жылбай калса, калган топтору таптакыр кыскарып кетет.

Цивилизациянын тарыхындагы, эволюциялык жараяндарынын кесепети инсанды руханий абалына жана коомдун моралдык түзүлүшүнө таасир этип, инсандын жүрүм-туруму көзөмөлдөнбөй калган. Акыл-эстин бийлиги инсандын ишмердүүлүгүн башкара албай калган учурда цивилизация-

дагы жаңы көз караштардын тобуна туш болот, бул цивилизациялык кубулуштагы үчүнчү тубаса сезимдердин баскычы. Бул этапта туюм акыл-эс жана руханий абалдан үстөмдүүлүк кылып, баалуулуктардын өзгөрүшүнө алып келет, жер, адам, жана топурактын байланышын башка өңүттө карап, жаңыча иштеп чыгуу керектелет. Үчүнчү баскычта диний ишеним да, коом да инсандын туюмун, тубаса сезимдерин башкара албай калат. Баш аламандык, мыйзамсыздык өнүгүп, акырындык менен адамдын ички руханий абалы начарлаган сайын, тубаса сезимдерге, каалоолорго эрк берилип баштайт.

Каалоо, туюм, тубаса сезимдерге толугу менен эркиндик берилгенде, адамдын тагдыры алардын таасирине өтөт жана диний көз караштар коомдогу кызматын токтотот. Белгилүү болгондой эле коом ыдырап, цивилизациянын аягына жеткенин түшүндүрөт. Руханий дүйнө азыктанып, эргүү ала албай калганда, акыл-эстин иштеши да өнүгүп, өсүүдөн артта калат, ошентип цивилизациянын үчүнчү баскычы башталат.

Цивилизация диний көз караштардан башталып, дин, акыл-эске үстөмдүүлүк кылган, тубаса сезимден бүткөн, үч баскычтын өз ара байланышы экенин Бенаби коомчулукка чечмелеп берди. Ал цивилизациянын толук айланышы, анын жүрүшүндөгү үч баскыч – анын жашоо дараметин жана биринчи баскычтын экинчисине алмашканын көрсөтүп жатат, цивилизациядагы эволюциялык фазалардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн түшүнүү эволюция жана өнүгүү үчүн жалпы негиз берет деп ишенген.

Бенабинин жиктемесине таянып, адамзаттын коомчулугу жашоосунун бир учуруна байланып калбайт, тескерисинче өнүгүү жолундагы коомдук, руханий баалуулуктарын карманып бир абалдан экинчи абалга өтүп кете берет. Ошондуктан, коомдун абалын, көйгөйүн жана жетишкендиктерин билүү үчүн, анын өнүгүү багыты боюнча кайсы тепкичте турганынан кабардар болуу керек.

Өнүгүүнүн этаптарын туюнтуп турган багыты боюнча тарыхый коомдун өзгөчө орду бар экенин Бенаби айткан. Тарых бизге үч этаптын бар экенин көрсөтүп жатат, цивилизацияга чейинки, цивилизациялык жана цивилизациядан кийинки. Кайсыл убак болбосун, ар бир коом жогорудагы даана боло турчу, үч этаптын бирөөсүнө туш болуп белгилүү баалуулуктарына жараша мүнөздөлөт. Бенаби цивилизациянын көйгөйлөрүн түшүнүү жана аларды чечүүчү ыкмаларды иштеп чыгуу үчүн тарых, психология жана социология илимдерине көп көңүл бурган. Ал азыркы Мусулман дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып берүү жана тарыхый коомдордун жүрүшүн түшүндүрүп берүүдө психо-социалдык талдоо ыкмасын колдонгон.

Бенаби цивилизацияга чейинки доордогу жөнөкөй адамды (homo natura) Мухаммед Пайгамбардын убагындагы цивилизацияга кирүүгө даяр турган араб бедуиндери катары караган. Цивилизацияга чейинки коомго цивилизацияга алып баруучу мүмкүнчүлүктөрдү шыктандыруу үчүн алга сүрөй турган күч керек. Коомдогу цивилизациялык жараяндын башталышына алгачкы эң зарыл болгон бөлүктөрдүн (жер, адам, убакыт) бар экенине карабай, диний көз караштарсыз, ошондой эле адам, жер, убакыттын өз ара мамилеси эң мыкты деңгээлде өнүгүп, коомдогу диний көз караштардын чеги менен болбосо, цивилизациялык жараян ишке ашпайт жана коомчулук эч кайсы психо-социалдык өзгөрүүгө күбө боло албайт деп баа берген.

Коомдун мүмкүнчүлүгү турмуш тиричилик шарттарын жакшыртуучу долбоорго багытталгандыктан, коом менен инсандын психо-социалдык өнүгүүсү, долбоорду ишке ашыруу үчүн цивилизациялык кыймыл болуп эсептелет. Өнүгүп жаткан коом, өз максаттарына жетүү жолунда өзгөрүүнү баштаса, анын цивилизациялык жараяны башталат. Коомдун цивилизациялык баскычы аркылуу жеке өзүнө таандык дүйнө таанымын жана маданиятын уюштуруп, калыптандыра алган мүмкүнчүлүгүн көрө алабыз. Коомдук алакалардын тутуму аябай бекем болуп турганда адам цивилизациялык жараянды баштоого даяр болот. Себеби, бул учурда коом өз цивилизациясын коргоого жана анын өнүгүү ылдамдыгын сактап калууга мүмкүнчүлүгү жетет, ал эми жалпы инсандар коомдун камкордугунан пайдаланып, а коом өзүнүн жарандаштыруу кызматын аткарат.

Коом цивилизациядан кийинки баскычына келгенде мурункудай таасирдүү болбой, цивилизациялык мүмкүнчүлүктөрүн жоготуп, таасирин жоготуп баштайт. Анын соңунан диний көз караштар дагы цивилизациянын баалуулуктарын таразалап, тазалаганын токтотот, ал эми коомдук алакалардын тармагы кайрадан башка өңүттө жаралат. Бирок, бул кыйроо тагдырга буйруган эмес, башка бир цивилизациялык кыймыл коомго арачы түшүп, максаттарына карай кеткен жолду жыгылган жеринен башка нукка буруп алып чыгып кете алат. Коом өзүнүн маданиятын сыпаттаган ченем, өлчөмдөрдү жоготоору менен, эмнеге багыт алып, эмнени ыйык тутаарын билбей, көз караштары башаламандыкка кептелет, себеби, анын мурунку маданиятынын өнүкпөшү анык. Бенаби окумуштуулардын арасындагы этаптарды чаташтырганын жана аларга карата туура эмес берилген мүнөздөмөлөрү, түшүнбөстүктөр жөнүндө белгилеп өткөн. Этаптардын арасындагы башаламандыктар коомдогу көйгөйлөрдү чечүүдөгү аракеттерди кыйындаштырат.

Бенаби, Мусулман дүйнөсүнүн азыркы абалын үчүнчү этапта карап, көйгөйлөрүн чечүүгө аракеттенип көргөн, анткени коом башка этаптарга салыштырмалуу чыныгы маанисин же жүрүм-турумун жоготуп алган болчу. Коом өзүнүн маселесин чечүү үчүн, инсандын жаңы түрүн жаратып, цивилизациядан кийинки баскычтын мүнөздөмөсүнөн куткара ала турган, өзүнүн нукура турпатын жана жүрүм-турумундагы таасирдүүлүгүн кайра калыптандыруусу керек. Ошондо гана ал, убакыт жана жер менен бирге, диний көз караш кошулган ишмердүүлүккө кирише алат. Бенаби, биздин этаптын тарыхтагы артта калуу жана өнүгүү себептерин билүү керектигин далилдеди. Коомдогу көйгөйлөр тарыхый белгилүү бир коомдун өнүгүүсүнө ылайыктуу жагдай, башка бир коом үчүн зыян болушу ыктымал.

Бенаби, коомдун эволюциясын психологиялык көз караш аркылуу изилдеп көргөн жана коомдун өнүгүүсүндөгү үч психологиялык доор жөнүндөгү түшүнүктү киргизген: материалдык дүйнөгө тиешелүү доор, ой пикирлердин, адамдардын доорлору. Ал, негизги үч доор тууралуу түшүнүккө маани берип турган: адам, материалдык дүйнө жана ой пикирге тиешелүү чөйрөлөрдүн өз ара карым-катнашы, карама-каршылыктары боюнча жалпы түшүнүк берген. Ар бир коомдун жеке өзүнө тиешелүү, татаал маданий дүйнөсү болот, материалдык дүйнө, адам жана ой пикир чөйрөлөрү, коом тарабынан макулдашылган кыймылдар аркылуу айкалышкан. Эки чөйрөнүн үстүнөн, бир чөйрө ар дайым үстөмдүүлүк кылып турат.

Коом өзүнүн алгачкы курагында, курчап турган материалдык чөйрөнүн талаптарына ылайык пикирин жана тагдыр жолун калыптандырат. Табият жана ой жүгүртүүнүн сапаты, алгачкы адамдардын керектөөлөрүнөн көз каранды жана адамдын материалдык чөйрөдөгү негиздүүлүгү. Бенабинин оюу боюнча, адамдардын коому, материалдык көз караштагы доорду, цивилизацияга чейин жана цивилизациядан кийинки баскычтарда баштан кечирет. Азыркы мусулман коомунда, бул чөйрө, саясий, руханий, адеп ахлактык, акыл-эстик, социалдык деңгээлдеги маселелерди козгоп өтөт. Руханий жана адеп ахлактык деңгээлде материалдык дүйнө баалуулуктардын сап башында турганда, маданияттын көңүлүн «материалдык дүйнөгө» бурулуп, баалуулуктарды сапат жагынан эмес, сан жагынан өлчөнүп, баа берилип калат.

Автордун айткандарына таянсак, цивилизациянын үч доору жөнүндөгү түшүнүк, тарыхтын жүрүшүндөгү коомдун кыймылын жана дал азыркы учурдагы коомдун жогору же төмөн түшүп бара жатканын аныктоодо, коомдун негизги баалуулуктарын өлчөп, таразалай турган курал. Коомдун ишмердүүлүгү, материалдык дүйнө, адам жана ой пикирлердин чөйрөсү

аралашкан бүтүн ишмердүүлүк катары каралышы керек. Ар дайым бир чөйрө, коомдун көз карашы, мүнөзү жагынан экинчисинен айырмалап калган эки чөйрөдөн басымдуулук кылып турат.

Цивилизациядагы үч доор жөнүндөгү концепция, тарыхтын башталышынан тарта, коомдун психологиялык жетилүүсүн, анын цивилизациялык жараяндагы багытын, анын иш-аракетинин уюштурулушун, баалуулуктарынын этаптан этапка өткөрүлүп берилишинин көрсөткүчү катары колдонулушу мүмкүн. Андан сырткары, бир чөйрөнүн эки чөйрөдөн кылган үстөмдүүлүгү, коомдун тарыхый кыймылын жана кайсы жерден орун алганынан кабар бере алат. Доорлордун артында коомго жана анын өнүгүүсүнө ар убак таасир эте ала турган социалдык баалуулуктары жана маданий аймактары турат. Бенаби, мусулман дүйнөсүнө болгон дарамети менен цивилизацияга кирүүгө аракеттенген, цивилизацияга чейинки этапка жайгаштырды. Ал, тарыхтагы цивилизациянын таасирдүү жараяндарын ар тараптан түшүнүү үчүн, цивилизациянын кыймылынын, ар түрдүү изилдөөнүн деңгээлдери аркылуу чечмелеп берди. Анын үч доор жана үч этап жөнүндөгү окуулары, бир эле кубулуштун көп кырдуу изилдөөлөрдөн өтүшүн көрсөтүп турат.

Бенабинин айтканы боюнча, цивилизациялык жараяндагы коомдун сан жана сапат жагынан өсүп өнүгүшү, ал көрсөткөн этаптардагы социалдык мамилелердин тармагы аркылуу сакталып калат. Цивилизациялык жараян, анын үч чөйрөсү калыптанганга чейин башталат, инсандык чөйрөнүн калыптануусу, коомдук мамилелердин тармагынын пайда болушуна себеп болот. Ой-пикирлердин чөйрөсү анчалык татаал эмес, жөнөкөй болуп турганда гана коом өз кызматын аткарып турат. Инсандык чөйрө өзгөрүп карым-катнаштын жаңы тартиптери менен биригет. Калган эки чөйрө толук жетилгенге чейин эле, социалдык карым-катнаштын чөйрөсү өз ишмердүүлүгүн баштайт.

Ой жүгүртүү чөйрөсү менен социалдык карым-катнаштар тармагынын тыгыз байланышында, ой жүгүртүү чөйрөсү социалдык коргоочулук кызматын аткарат. Коом, социалдык карым-катнаштар тармагысыз мүмкүн болбогон, кайра калыптандырууну ишке ашырат. Ой жүгүртүү чөйрөсүнүн жалгыз өзү, цивилизациянын өнүгүүсүнө же кыйроосуна себеп боло албайт. Тескерисинче ал, социалдык карым-катнаштар тармагы менен биргеликте иш алып барышы керек. Коомдун тарыхы, социалдык карым-катнаштын тарыхындай эле, диний көз караштардын негизинде башталган.

# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

## Бенабинин цивилизацияга карата мамилелеринин негиздери

## Социалдык ички ченем

Бул бөлүмдөгү талкуу көбүнчөсү Рицердин аныктамаларына ылайык ички-социалдык өлчөмүндөгү факторлордун, Бенабинин изилдөө ыкмаларына тийгизген таасири жөнүндө болот. Бенабинин өмүр таржымалы тууралуу маалыматтар жарытарлык эмес, ал туулган 1905-жылдан баштап 1939-жылга чейинки, жашоосун камтыйт. Ал эми, анын калган жашоосу тууралуу чектелген маалымат булактары, өзүнүн жана замандаштырынын китептери, дил баяндары, анын доорундагы тарыхый жазмалар аркылуу толукталат.

Малек Бенаби 1905-жылы Чыгыш Алжирдеги кедей үй-бүлөдө төрөлгөн. Анын киши катары калыптандырган мусулман чөйрөсү, колониялык басым күчөп турган кезде алжирдик мусулмандардын цивилизациясын, маданиятын коргоп турган. «Анын чоң энесинин такыбалык, динге бек болуу жөнүндөгү аңгемелери, байкатпай туруп мени инсан катары калыптандырып койду, ошол аңгемелер аркылуу, такыбачылык ислам дининин эң жогорку жеткен чеги, адеп-ахлагынын баалуулугу экенин түшүндүм».

Француздардын башкаруусунун астында ал көптөгөн жергиликтүү үй-бүлөлөрдүн, анын арасында өзүнүн да, топ-топ болуп Алжирден, Чыгыш-араб өлкөлөрүнө көчүп кетүүсүнө күбө болду. Колониялык башкарууга карата каршы көтөрүлүш, Алжирдин социалдык жана экономикалык түзүлүшүн кескин түрдө өзгөртүп жиберди. Кадимки ислам чөйрөсүнүн кери кетип, көнүмүш, салттуу жашоо ыдырап кетти, чогуу, жамаат менен биргеликте болуунун өзү да кооптуу эле. Бенаби карым-катнаштын, коомдук мамилелердин, чакан үй-бүлөлүк жана ири коомдук деңгээлдеги зарылдыгын ошол кезде түшүнүп жеткен.

Мусулман цивилизациясы кыйроого учурагандан кийинки Бенабинин коомунда билим берүү жана араб адабияты сыяктуу «zawiyah» салттуу институтунун ислам жөнүндөгү окуулардын сакталып калышындагы кызматы аябай чоң. Бенабинин билим алуусу үчүн мечит жана медреселер маанилүү болуп турган кезде, оозеки айтуучулар элдик маданиятты сактап

 калышкан. Бенаби араб грамматикасын, адабиятын, поэзияны, укук таануу жана дин илимин өздөштүргөн.

Ал өзүнүн алгачкы китебинде Курандын негизги темаларынын маанисин кайрадан чечмелеп, ар кандай социалдык жана маданий чөйрөдөгү теорияларынын жыйындысын иштеп чыккан. Анын дин жөнүндөгү окууларынын түпкү мазмунунун артында диндин орду жана бүт бардык цивилизациялык жараяндардагы аткарган кызматы тууралуу иликтөөсү жатат. Бенаби динди, адамдын руханий абалын мүнөздөгөн, ааламдын мыйзамы катары кабыл алган. Бенаби исламдын ар тараптуу өнүгүү өңүттөрүн ачыкка чыгарды. Кийинчерээк ал Франциянын мусулман ойчулдары жана коомдук активисттери менен жолукканда, Ислам дини жашоонун үлгүсү, коомдун, маданияттын жана цивилизациянын кыймылдаткычы жана жүрөгү деп эсептеген.

Мусулман дүйнөсүндөгү билим берүү көйгөйлөрү аны түйшөлткөн эң оорчундуу маселе болчу. Мусулман дүйнөсүндөгү билим берүүдө алдын ала байкаштыруу, усулдардын топтому, каражаттар жана ишке ашыруучу жолдордун жок экендиги, айрыкча басынтылган колониялык башкаруудагы Алжир мамлекетинде даана көрүнгөн. Ал көргөн эки билим берүү системасы анын акылы менен жан дүйнөсүн, салттуу окутуунун Батыш жана Францияда өнүгүп ал эми Мусулман дүйнөсүндөгү начарлоосунун себебин изилдөөгө алып келди.

Билим берүүнүн биринчи түрү аянычтуу абалда турганда, экинчиси түрү өркүндөп, колониялык түзүлүштүн коргоосуна ээ болуп, даяр иштелип чыккан усулдук колдонмосунан жана камкордугунан пайдаланып жаткан. Бирок анын коомдогу диндин таасирин басандаткан аракети менен батыштык вазийпасы, мусулмандык цивилизациянын түзүлүшүнө каршы келген. Жогоруда айтылган батыштын эл агартуу түзүмүнүн артыкчылыгы бирок ошол эле учурда динге каршы болгондугу, Бенабинин жашоо жана иш таржымалынын дээрлик бардык учурунда эки анжы ойду жараткан. Бенаби, өзүнүн европалык, мусулман Алжирдик жашоо чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдү, ой жүгүртүүлөрдү байкап, кагазга түшүрүп жүргөн. Бул толук бир маанини камтыган эки тема, анын жаратылыштын адамы жана цивилизациянын адамы жөнүндөгү түшүнүгүнө таасир эткен. Ал мусулман интеллектуалдык чөйрөлөрүндө, өнүгүүнүн жаңы багытын сынап көргөн. *Ulama* кыймылы, Алжир коомундагы реформалык аракеттердин ыкмаларында мурда колдонулбаган жаңы түрү болчу.

Бенабинин, колониялык башкаруу астындагы Алжир жараны, эки билим берүү түзүмдөрүнүн студенти болгон өтмүшү, анын европалык колониза-

торлор менен болгон байланышы, колониялаштыруу жана колония астында болуу деген түшүнүктөрүн калыптандыруу менен азыркы мусулман коомунун психологиялык абалын изилдөөнүн куралы болуп калды.

Бенабинин европанын көз карашынан кабардар болгону, анын интеллектуалдык жана саясий аң сезимин тереңдетип, анын кызыгуусун усулдарды иштеп чыгуудан философия жана социалдык илимдерге ооштуруп жиберди, андан кийин мусулмандардын реформалык ой жүгүртүүлөрүнө, колониядан чыгуу кыймылын, Алжир жалпы эле мусулман дүйнөсүнүн кайра жаралуусу үчүн күч аракеттер тууралуу ойлонуп, чара көрүүсүнө себеп болду. Ал, *Ulama* кыймылынын Алжир үчүн маанилүү экенине көзү жетип islah (реформа) жана Магрибдин (Түндүк Африка) бүтүндүүлүгү тууралуу көз караштарды жайылтып, элди үгүттөгөн. Бенаби, *Ulama* кыймылынын реформачыларынын, саясатчылар сунуштаган коомдук жетекчиликтен баш тартканга чейин Алжирдин эркин жана көз карандысыз коому үчүн, жасаган аракеттеринен катуу таасирленген. Ал, маданий жана эл агартуулук ишмердүүлүгү, саясий активдүүлүктөн маанилүү деп эсептеген.

Саясий куугунтукка кабылып, Египетте жүргөн кездеринде интеллектуалдык жана салттуу институттар менен байланыш орнотуп, араб интеллигенциясынын назарын Мусулман Үммөтүнүн (жамаатынын) кайра жаралуусу, цивилизациянын жаңылануусу тууралуу суроолорго бурууга таасир берген. Ал, 1971-жылы Алжирде дүйнө салды, артынан азыркы Алжир мурда-кийин жарата алгыс улуу мусулман ойчулунун көөнөрбөс мурасын калтырып кетти.

Ал өзүнүн байланыштарын, метатеоретикалык ыкманын ички социалдык ченемдерине жараша орноштурган. Бенаби, командалык иштешүүгө, артта калуу боюнча татаал суроолорду чечүүдөгү мусулман жана өнүккөн өлкөлөрдүн интеллигенцияларынын бекем байланыштарына ишенген. Анын эң бекем байланышы *Ulama* реформачыл кыймылынын мүчөлөрү менен болгон.

Бенабинин Исламга берилгендиги жана Ибн Халдунга болгон суктануусу, мусулман интеллигенциясынын Батыш маданиятына салыштырмалуу толук кандуу эместигин иликтөөсүнүн негизин түзгөн. Ал, *Ulama* салттуу маданиятынын интеллектуалдары *al-Muwahhid* доорундагы чектөөлөрдүн айынан өзүнүн тарыхтагы вазыйпасын аткара албай калышкан, деп айткан. Ulama тазалыкка жана Ислам окууларынын сакталышына көңүл коюп, руханий абалдын, менталитеттин өзгөрүүсүнө, *al-Muwahhid* доорунан кийинки маданияттын жаңы маданиятка алмаштыруунун камын көрүшкөн.

Бенаби, Ибн Таймийах, Ибн Халдун, Ибн Абдель Вахаб сыяктуу окумуштуулардан таасирленип, өзүн ушул реформачылар чынжырынын, өнүмү деп эсептеген. Өзүнүн мекенинен сырткары, эки араб өлкөсүндө жүргүзгөн тажрыйбасынан кийин, ал өз иликтөөсүн кеңейтти, башка диний көз караштарды камтуу үчүн, ар кандай социалдык кубулуштардын себептерин жана тарыхый бурулуштардагы диндин аткарган кызматтарын карап чыккан.

# БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

## Бенабинин цивилизацияга карата мамилесинин негиздери

## Тышкы социалдык ченем

Метотеоретикалык ыкмага ылайык тышкы социалдык факторлор, изилдөөнүн жогорку деңгээлине басым жасап, максат, себеп, милдет өңүттөрүн камтыйт. Алар көз караштардын тамыры жана институттары үчүн жооптуу. Бул факторлор, ири коомдорду жана алардын илимий маселелер менен алектенүүсүнө тийгизген таасирин көрүү үчүн, метотеоретикалык ыкманын ичиндеги ченемдердин макро деңгээлге көтөрүлгөнүн билдирет. Тышкы социалдык ченем, ыкма же теориянын өнүгүшүнө түздөн-түз же кыйыр тиешеси бар илимий маселелер менен алектенүү жараяны жана ар кандай институттардын, коомдук түзүм жана социалдык ишмердүүлүктөрдүн байланыштарын бөтөнчө белгилейт.

Бенаби, мусулман цивилизациясынын колониялаштыруу, колониядан чыгаруу маанисиндеги көйгөйлөрдү жана алардын социалдык-тарыхый себептерин бир топ кененирээк түшүнүү үчүн, социологияны колдонуп чечүүгө аракеттенген. Бенаби, колониялаштыруу Батыштын цивилизациялык иш тартибинин бир бөлүгү катары, цивилизациялык баа берүүгө муктаж болгон иш-аракет, деп эсептеген.

Батыштын антропология, археология жана социология илимдери, түпкү элдер, варвар (маданияты төмөн, олдоксон) жана примитивдерди (маданияты төмөн, алгачкы, жөнөкөй) цивилизациялаштыруу үчүн, цивилизациядан талап кылынган тарыхый вазийпаларды түптөөгө жардам берди. Өз бийлигин,өз көз карашын бөтөн элдин маданиятына таңуулап, жайылтуу аракеттеринин айынан булардын өз ара жана башкалардан болгон

айырмачылыгы, бир канча маанилерди түшүндүрүп, варвар, примитив жана тарыхый вазыйпа, милдет деген терминдер түпкү маанисинен алыстап, колониялык башкаруу астындагы калкты жана цивилизацияны түшүндүрүү үчүн колдонулган. Мындай көрүнүш элдерди бөлүп жарып, мусулман өлкөлөрүн тилдик жана этностук белгилери боюнча майдалап, үммөтүнүн бүтүндүгүн бузбаса да, кооптуу жагдайда калтырган.

Алжир коому колониялык доорго чейин, өзүнүн цивилизациядан кийинки баскычында турган. Колониялык доорго салыштырмалуу, социологиялык жактан өнүгүүнүн деңгээли бир кыйла жогору жана туруктуу болчу. Алжир, саясий туруктуулугу, маданий чыгармачылыгы, ынтымак жашоосу, экономикалык өнүгүүсү, социалдык үндөштүгү жана сабаттуулугу менен ыракаттанып жашап жаткан. Ulama кыймылы агартуучулук иштерин, ислам окууларын жайылтып, бүтүндүүлүгүн сактап турган.

Тилекке каршы, өсүп-өнүгүү улана бербейт. Колониялаштыруу кыймылдары төрт маанилүү баскычтардан өтүп, алжир коомундагы келечек муундарынын жашоосуна из калтырып кетти. Багындыруу жана каршылык көрсөтүү (1830-1848) аракеттери Франциянын «чектүү басып алуу» саясаты менен башталды. Мындай саясат, алжирликтерди каршы чыгуудан четтетип, социалдык, саясий, экономикалык, маданий жана диний түзүмдөрүн өзгөртүү үчүн багытталган.

Экинчи, каршы туруу жана баскынчылыкты күчөтүү этаптары (1847-1871) Алжирди бөлүштүрүп, жергиликтүү алжирликтерди баш ийдирди. Толугу менен басып алуу жана жергиликтүү калктын багынып берүү баскычы (1871-1919) ого бетер мусулмандарды азапка салып, турак конуштардын кеңейүүсүнө алып келди. Алжирликтердин жанданууу баскычында (1919-1962) колониялаштыруунун эң жогорку деңгээли болуп турган, ошол учурда жергиликтүү интеллектуалдар менен саясатчылардын арасында Панисламисттик реформизм жана кайра жаралуу пайда болгон.

Мынакей! Биз күткөн Исламдын чакырыгы! Канча кылымдардан бери алжирликтерди бириктирип турган бир туугандык сезими, жамааттык бүтүндүүлүк 1920-жана 1930-жж. кайрадан жапырт түрдө жанданды. Бул колониялаштыруунун төртүнчү баскычында жергиликтүү калк менен колония ээлеринин кагылышы өтө аянычтуу болду.

Бенабинин көз карашы менен Ислам цивилизациясынын даңазалуу тарыхы жана жетишкендиктерине салыштырмалуу, Алжир кийинки үч жүз жыл аралыгында башаламан абалда турду. Бул башаламандыктын ички жана сырткы өңүттөрү, колониялаштыруу менен колония астында болуунун ор-

тосундагы талаш-тартыштарды жаратты. Бенаби үчүн, колониялаштыруу, жашоонун бардык чөйрөсүнө түздөн-түз катышуусу менен башаламандыкты ырбатып жиберген. Өзүнүн максаттарына жетүүдө, айрыкча мусулман коомунда, жаратылыштагы заттардын курамын атайын бири-бирине каршы коюп, жасалма түрдө, алардын чыныгы маанисинен тап-такыр алыстатуу менен цивилизациялык жараяндардын бардык түрүн токтотууга аракет кылат.

Жыйынтыгында, Алжирдеги улутчулдук эки кош таасирдин, Уламалардын диний интеллектуалдык деңгээли жана саясатчылардын, саясий деңгээлине жараша өнүгүп, Бенабинин колониядан чыгаруу аракеттериндеги реформист жана модернисттерине мисал болуп калды.

Бенаби, колониялаштыруу жана колония астында болуу жөнүндөгү маселелерди жоюу үчүн, кризистин ички түзүлүшүнөн баштап, өзөгүн түзгөн бардык суроолорду чечүүбүз керек, деп айткан. Бенабинин сүрөттөгөн цивилизация салыштырма үлгү катары, цивилизациянын чегинде адамдык шарттарды жана социалдык өзгөрүүлөрдү иликтемек.

# АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

## Бенабинин цивилизацияга карата мамилесинин негиздери

## Интеллектуалдык ички ченемдер

Бул иликтөө, метатеоризацияга тиешелүү, метатеоретикалык ыкманын үчүнчү ченемин калыптандырууга түрткү болгон, ички интеллектуалдык таасирлер тууралуу болот. Ошондой эле маалымат берүүчү факторлорду изилдөө менен цивилизациянын аймактарын байланыштырып, Бенабинин мусулман дүйнөсүндөгү көйгөйлөрдү изилдөө аймагы үчүн, ич ара ыкма болуп эсептелет. Ал негизги маалымат берүүчү мисалдарды, ой-пикирлердин булактарын, мисалдардын өзгөрүүсүн, жаңы теоремаларды иштеп чыгуу жана учурдагы теоремаларды изилдөөчү жалпы метатеоретикалык курал каражаттарды аныктап, тактайт.

Цивилизацияны изилдөөдө эки багыт үстөмдүүлүк кылган, тарыхтын

философиясы жана социалдык илимдер. Бенаби цивилизацияны, усулдук топтомдору, концепциялары, социалдык илимдерден келип чыккан, сейрек изилдөө багыты деп эсептеген. Ал өзүнүн Куранды билгендиги, диний изилдөөлөрү менен билимдердин материалдык, светтик түшүнүктөрүн жана тарыхый өзгөрүүлөрдү кабыл албай койсо да болмок. Бенабинин бул иликтөөдөгү цивилизациянын азыркы үлгүсүндөгү үстөмдүк кылган багыттарын билүү үчүн, метатеоретикалык ыкманын ички-социалдык өлчөмдөрүн колдонуусу жардам берди.

Бул бөлүмдө кээ бир ой-пикирлердин пайда болгон учуру, чыныгы ой ээлерине чейин изилдөө үчүн, маанилик талдоо ыкмасы колдонулат. Үстөмдүүлүк, ар түрдүү багыттарды, жана өнүгүү чаралары жөнүндө изилдөө менен Бенабиге таандык термин, түшүнүк жана усулдардын келип чыгуу тектештиги, анын өмүрүндө басымдуу болгон көз караштардын жана ошол көз караштардын тарыхый жолдорунун ортосунда байланыш орнотот.

Тарых философиясынын парадигмасына (үлгүсүнө) ылайык, үч мектеп цивилизацияны изилдөөнү ага байланышкан үлгүлөрү аркылуу бөлүшүшөт: мезгилдүү көз караш, өсүүчү көз караш, адамзатка тиешелүү ар түрдүү

элдердин жөнөкөй жарыш көз караштары. Парадигмалар, тарыхый өзгөрүүлөргө карата адамдын көз карашын калыптандырып адамдын жашоо шартындагы цивилизациянын көйгөйлөрүн чечүүгө көңүл бурган негизги мектептерди белгилеп, тарыхый өзгөрүүлөрдү түшүндүргөн жалпы маалымат берүүчү белгилерди, иретке келтирет.

Диалектикалык метод ички карама-каршылыктарды, эски менен жаңынын ортосундагы күрөштү ачуу жолу менен жаратылыштын жана коомдук тынымсыз кыймылда, өнүгүп өзгөрүү абалында болуп турган кубулуштарын билүүнүн илимий методу.

19-кылымдагы тарыхый өнүгүү мектебинин Маркс, Кант жана Гегель баштаган окумуштуулардын, тарыхка өнүгүп жаткан тармак катары баа бериши Бенабинин цивилизацияны изилдөөсүнө демилге берди. Гегелдин диалектикалык методу боюнча, тарых бул – адам эркиндигинин жана цивилизациянын өнүгүү тарыхы. Гегелдин бул оюу, дагы бир тарыхый өнүгүү мектебинин көрүнүктүү окумуштуусу Марксты шыктандырган. Гегель акыл-эстин диалектикасын колдонуп жаткан учурда, Маркс экономикалык каражаттар үчүн диалектикалык методду колдонгон.

Өнүгүүнүн таасири менен, Кант Дарвиндик эволюциялык теорияны жана физикалык илимдердин өнүгүшүн адамдын жашоо шартына жана тарыхый өзгөрүүлөргө карата колдонгон. Бул изилдөөдөгү, тарыхый өнүгүү мектебинин негизги салымы, тарыхый өзгөрүүлөрдү жана алардын этаптарын, себептерин түшүндүрүп бергендигинде.

Бенаби тастыктагандай, көпчүлүк тарыхчылар тарыхый окуялардын акылга сыя турган, ченемдерин иштеп чыгуунун ордуна, жөн гана аларды топтоо менен алек болгон. Ал, Гегелдик түшүнүктөрдүн карама-каршылыктары же диалектикасы менен социалдык өзгөрүүлөргө алып келип жаткан карама-каршылыктын себептери экономикалык деген марксистик көз караштардын ортосундагы байланышты көргөн. Бенаби Гегелчилердин көз карашын өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткычы катары кабыл алып, марксистик көз караштардын диалектикалык талдоосу үчүн мактаган. Бенабинин айтуусунда, Маркстын адамдык керектөө тууралуу теориясы, цивилизациянын жаралуусу динамикасын түшүндүрүп бере албайт.

Бенаби тарыхый өнүгүү мектебин, тарыхтын өзүнө эмес, анын теориясына көп басым жасап, ишмердүүлүгүнүн негизин Европага багытталганы үчүн, сынга алган. Мектеп көбүнчөсү тарыхый өзгөрүүлөрдүн, өзгөрүлмө мүнөздөрүнө көңүл буруп, цивилизациядагы татаалдыктарды, көп кырдуу коомдук кубулуш катары кабыл алып, көйгөйлөрдү көңүлдөн сырт кал-

тырышкан. Кийинчерээк ал көрүнүктүү окумуштулар Ибн Халдун менен Тойбинин циклдик мектебинин таасиринде болуп, өзүн Ибн Халдундун орун басары катары, анын ыкма жана методологиясынын улантуучусу деп эсептеген. Бул мектеп, тарыхый өзгөрүүлөрдүн белгилүү бир убакыттын ичиндеги мыйзам ченемдүүлүктөрүн айырмалап, мыйзам ченемдүүлүктөрдүн тарыхтын кайталанма кубулушу жөнүндө маалымат берген белгилерин, жыйнап иретке келтирген. Бул тарыхчылардын маалыматтарынан кийин, окумуштуулар тарыхый өзгөрүүлөрдүн универсалдуу мыйзам ченемдүүлүктөрүнө токтолушту.

Ибн Халдун өзүнүн «Китаб-аль-ибар» насаатчылык жана тарбия жөнүндөгү үч томдук китебинин «Муккадима» киришүү бөлүмүндө, тарыхтын мыйзамдарын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн белгилүү кылган алгачкы окумуштуу. Анын коомдун табиятын жана социалдык өзгөрүүлөрдү изилдөөсү, цивилизация тууралуу илимдин өнүгүшүнө алып келип, бул багытты *«Ilm-al-Umran»* деп атаган, азыркы күндө кийинки муундар, цивилизациянын багытындагы жараяндар, илимдин өнүгүшүнө салым кошуп келет. Анын концепциясына ылайык Asabiyyah бул мамлекет, династиялардын өнүгүү, өсүү, бүлүнүү, кыйроо жараяндарында тарыхый өзгөрүүлөргө шык берип, себеп болгон күч.

Тойнби дүйнөлүк тарыхты, цивилизациялык кубулуштардын удаалаштыгы, ал эми цивилизацияны диалектикалык чакырыктын, жооптун, өсүү баскычынын жана кыйроонун натыйжасы катары караган. Ал өзүнүн жеке пикирине таянып, цивилизация, тарыхый өзгөрүүлөрдү изилдөөчү акылга сыярлык, ачык-айкын бүтүндүк деп айткан. Тойнби да, Ибн Халдун сыяктуу цивилизациялык жараяндардагы, кыйроого, бүлүнүүгө алып келе турган, алдын ала маалымат берүүчү белгилерин аныктап, иретке келтирген аналитик, детерменист (аныктоочу) болгон.

Көпчүлүк окумуштуулардын, Бенаби методдору, көз караштары, келечек жөнүндөгү камкордугу боюнча экинчи Ибн Халдун деген пикирлери дал келишишет. Ошондой эле цивилизациянын кайталанма кубулуштарындагы жана тарыхтагы себептүүлүк жөнүндөгү түшүнүктөр, Бенабинин көңүлүн бурду. Ал, кыймылдардын кайталануу мезгили, өсүп-өнүгүү шарттарын жана бүлүнүү, кыйроого алып келген факторлорун талкуулоого мүмкүнчүлүк берет, деп ишенген. Бенаби, цивилизациянын тарыхый өзгөрүүлөрдүн бирдиги катары изилденүүсүндө, бир топ түшүнүктүү социо-тарыхый бирдиктери аркылуу Ибн Халдундан ашып түштү. Тойнбинин цивилизацияны тарыхый талдоонун бирдиги катары колдонгону, анын цикл жөнүндөгү түшүнүгү, кыйынчылык жана жоопкерчилик тууралуу

 туюндурмалары Бенабинин ык, амалдарына өз таасирин тийгизди.

Бенаби өз учурундагы социалдык окуяларды талдоого жана цивилизациянын өнүгүүсүндөгү диндин кызматын талкуулоо үчүн, социалдык илимдердин усулдук топтомун колдонгон. Бенабиге, мусулман Ренессансын тутандыруу аракеттеринде, психология жана социология илимдери аябай маанилүү болгон. Ал, динди коомдук баалуулуктарды электен өткөрүп, цивилизациянын өз ара аракеттенүүсүнө түздөн-түз таасир эткен таасирдүү күч катары караган. Бенаби адамды, цивилизациянын башталышына жоопту болгон, негизги түзүлүш катары мүнөздөйт. Ал, философия, тарых жана социалдык илимдердин үстөмдүүлүк кылган эки парадигмасы, цивилизацияны өздөштүрүүдөгү ар кандай ыкмалары менен айырмаланган үч мектептин ишмердүүлүктөрүнө канааттанган эмес.

# ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

## Бенабинин цивилизацияга карата мамилесинин негиздери

## Интеллектуалдык тышкы ченемдер

Төртүнчү ченемдеги метатеоретикалык ыкманын теоретизациялоосу, тышкы-интеллектуалдык факторлордун альтернативасы катары башка илимий тармактарды, көз караштар, каражат, теория жана концепцияларды, теориялык талдоо үчүн өз ичине камтыйт.Тышкы-интеллектуалдык ченемдер, илимдин жана изилдөө аймактарынын, цивилизациялык изилдөөлөргө карата жалпысынан тышкы деп эсептелген таасирлерине көңүл бурат. Бенабинин мисалында, бул тышкы-интеллектуалдык ченемдер өз ичине Курандын жана Сүннөттүн таасирлерин, мусулман дүйнөсүндөгү диний-реформачыл көз караштарды, психология, табигый илимдер, философия, цивилизацияны өздөштүрүүгө жана анын үстөмдүүлүк кылган эки парадигмасына карата тышкы деп эсептелген, интеллектуалдык ишмердүүлүктөрдү камтыйт.

Бенаби, тарыхый өзгөрүүлөрдөгү кайталанма кубулуштарга ачыктык киргизип, Курандын чечмеленүүсүн жана азыркы илимий ачылыштарга негизделген, социалдык илимдердеги окуялардын түшүндүрмөлөрүн иштеп чыкты. Бенаби цивилизациялык жараяндагы Курандын тарыхый принцибин ырастоо жана диний көз караштын кызматын түшүндүрүү үчүн, Куранга кайрылган. Ал, диндин кантип адамды инсан катары калыптанды-

рып, цивилизациялык жараянга багыттап коюусу жөнүндө изилдеген.

Бенабинин урааны, Курандан алынган аят «Акыйкатта, элдер өзүнүн «мен» дегенин өзгөртмөйүнчө, Аллах эч качан алардын абалын өзгөртпөйт». Бул аятта адамдык жашоо шарттардын жана тарыхый өзгөрүүлөрдөгү адамдын дарамети, факторлору кыскача түшүндүрүлүп жатат. Бенаби, цивилизация жараянынын башталышына чейин коом адамдын даражасын жөнөкөй, толук кандуу эмес, чийки абалын, инсан катары калыптанган, жеткиликтүү адамга өзгөртүү керек, экендигин далилдеди.

Курандын принциптери, тарыхый өзгөрүүлөрдү жана бул жараяндагы диндин кызматын түшүнүүгө жардам берсе, ошол эле учурда тарыхый изилдөөлөр Курандын принциптерин түшүнүүгө көмөктөшүп, илимий далилдерди келтирип жатат. Бенаби, адамдык жашоодогу диндин активдүү кызматын четке каккан, модернисттик көз караш менен светтик акыл жүгүртүүгө каршы турган. Ал, Куран жана бардык Пайгамбарлардын окууларында баяндалган ачылыштар, адамдык цивилизациянын ажырагыс бөлүгү экендигин далилдөөгө аракеттенген.

Мусулман дүйнөсүнүн артта калуусуна себеп болгон көйгөйлөрүн чечүүдө, Куранда эскертилген, тарыхтын алмашкыс мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана Ибн Халдун түшүндүрүп берген тарыхый өзгөрүүлөрдүн кайталанма кубулуштары, универсалдуу мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тарыхтын мыйзамдарын карап чыгуу керек. Бенабинин цивилизацияга карата мамилесине таасир берген, метатеоретикалык ыкманын негизги тышкы интеллектуалдык факторлору Куран жана Сүннөт болду.

Мусулман дүйнөсүндөгү реформачыл көз караштар, *islah, tajdid* жана *nahdah (реформа, жаңылануу жана кайра жаралуу)* идеяларынын айырмалоочу өзгөчөлүктөрүн кабыл алган. Алар 18-кылымдын ортосунда пайда болгон жаңы парадигманын сүрөттөлүшү эле. Ибн Абдель Вахабдын кыймылы, башка бир динамикалык принциптердин өзөгүндө жаткан, алгачкы исламдын негиз болуучу дүйнөлүк көз карашын жаратууга умтулган. Аль-Афгани жана башка мусулман дүйнөсүндөгү реформачыл көз караштын насаатчылары жаңы реформачыл парадигмага таандык болушкан, алар кандай гана Кайра Жаралуу же реформа болбосун, ийгиликке жетүү үчүн, таза Исламдык окуулар керек, экендигине ишенимдери бек болгон. Бенаби бул кыймылдын олуттуу көз карашын, анын интеллектуалдык өңүтүнө карата кабыл алган.

Алжирдин реформачылары артта калуучулук көйгөйлөрдү, баарын камтыган көз караш аркылуу изилдеген эмес. Бенаби, цивилизациялык жараян-

дардын өнүгүү максаттары орундалашы менен адамдын жеке тарабы канчалык өзгөрүп, өнүгүшүн байкоо үчүн, психологиянын системалуу изилдөө ыкмаларына кайрылган. Ал үчүн, диний ой-пикирлердин социалдык баалуулуктар менен жуурулушуп канчалык деңгээлде адамдык баамды, зиректикти көтөрүүсү маанилүү болчу.

Бенаби, Фрейд менен Юнгду, ошондой эле Пиаженин психологиялык өнүгүүсүндөгү диндин абалы жана аткарган кызматтарына карата, бул окумуштуулардын окууларын колдогон. Бенаби диний көз караш, адамдын руханий дүйнөсүн, тубаса сезимдерден, мыйзамдардан бошотуп, руханий мыйзамдарга баш ийдирет, деп жазган. Дин инсандын жүрүм-турумун анын жашоо дараметине багыттап, жамааттык ишмердүүлүктөрдү аткарууга мүмкүнчүлүк берет. Фрейд Бенабиге цивилизациялык жараяндагы, инсандын ички түзүлүшүндөгү диндин психо-мөөнөттүк кызматын жана жеке инсандар менен топтордун жашоо күчтөрүнүн чыныгы милдеттерге багытталышын түшүнүүгө жардам берди.

Диний көз караштар, цивилизациялык жараяндарга багыт бере албай калганда, өзүнүн таасирдүүлүгүн жоготуп, коомдун жаңы цивилизациялык жараяны жаралып, диний көз караштар өзүнүн алгачкы үлгүлөрү менен дал келбей калат. Эң башкысы, ал Ибн Халдундун баскычтар тууралуу түшүнүгүнө ээ болгонуна карабастан, азыркы учурдагы психологияны, коомдун психосоциалдык жараянын талдоо үчүн колдонгон. Пиажеге таасирленип, кыязы коом менен жеке адам ошол эле тарыхый баскычтын: материалдык чөйрө, инсандык жана көз караштык доорлорун басып өтөрүн белгилеп кеткен.

Бенабинин цивилизацияга карата мамилесинин төртүнчү интеллектуалдык фактору болуп философия эсептелет. Анын тышкы интеллектуалдык булактары болуп, философия, декарттык көз караш, заманбап талкуулар, Ибн Туфайл, Даниель Дефо, Ибн Рушд жана Аль-Газалиге тиешелүү ой-пикирлер болгон. Анын, эң маанилүү өздөштүрүүлөрүнүн бири Декартка таандык талдоо ыкмасы. Ал цивилизациялык жараяндын курамын түзгөн элементтердин өзүн-өзү жөнгө салган кызматтарын талдоо үчүн, эки түрдүү, бирок ич ара тыгыз байланышкан талдоо ыкмаларын колдонгон.

Бенаби, цивилизацияны көп маанини туйдурган кубулуш катары караган, аз сандаган теоретиктердин бири болгон. Анын салымын, адаттагыдай бөлүнүп жарылып, бири-бирине каршы келген парадигмаларга карата маанилүү өнүгүү альтернативасы деп айтсак болот. Бенаби иретке келтирип, бирдиктүү байланыш түзгөн куруучу жана дисциплина аралык мамиленин теоретиги катары, эң маанилүү окумуштуу.

Тышкы социалдык факторлор Бенабиге, цивилизацияны изилдөөнүн өзөгүн табууга жардам берди. Анын, Алжирдеги жана Мусулман дүйнөсүндөгү абалга болгон тынсызданнуусу, анын коому жана Үммөтү туш болуп жаткан түрдүү мүшкүл иштерди, акыл калчап чечүү үчүн, өзүнүн жеке ык машыгууларын иштеп чыгууга түрткү болду. Методологиялык деңгээлде алып карасак, ал тарыхчылардын усулдарын колдонуп, ал эми интеллектуалдык жана маалымат берүүчүлүк деңгээлдеринде, цивилизациянын үч негизги: тарыхый, маданий жана социалдык ченемдерин, түрдүү окуулардан өздөштүрүп бир топтомго келтирди.

Тышкы – интеллектуалдык факторлор Куран жана Сүннөттү, мусулман дүйнөнүсүн диний реформачыл көз караштарын, психология, так илимдер, философия, цивилизацияны өздөштүрүүгө жана анан үстөмдүүлүк кылган эки парадигмасына карата тышкы деп эсептелген, интеллектуалдык ишмердүүлүктөрдү камтыйт.

Цивилизацияны изилдөөдө, Бенаби иштеп чыккан дисциплиналар аралык ыкмага көңүл берүү керек, ошондой эле көз караштардын, ыкмалардын, изилдөө чөйрөлөрү жана теориялардын өнүгүүсү жана калыптанышындагы, метатеоретикалык талдоону пайдалануусунун себеби, талдоонун күчү аркылуу, илимдин келип чыгуусу жана өнүгүүсү тууралуу бардык жагынан түшүнүк берүү алуу мүмкүнчүлүгү болгон.

# Автор

Бадран Бенлахсен, Алжирдеги Батна университетине караштуу, Философия факультетинин, тарых философиясы жана цивилизацияны изилдөө кафедрасынын жана Сауд Аравиядагы, Падыша Фейсал, аль-Ахса университетиндеги, Искусство жана Исламдык изилдөө факультетинин доценти. Ал, Бенабинин эмгектери боюнча дасыккан адис, бул боюнча бир катар макалалары журналдарга басылып чыгып, Бенабинин цивилизациялык изилдөөлөрү жөнүндөгү иш кагаздарын Алжир, Марокко, Малайзия жана Сауд Аравиядагы конференцияларда көрсөтүп тааныштырган.

Website: http://drbadrane.com

Формат 60x84 1/16. Печать офсетная. Объем _____ п. л. Тираж _____ экз.
Отпечатано ОсОО «ДЭМИ». Тел.: 591797

**IIIT (ИОЭАИ) китептеринин кыскача сериясы – институттун окурмандарга түп нускасынын негизги мазмуну жөнүндө жалпы түшүнүк берүү үчүн кыскартылып жазылган баалуу адабияттарынын жыйнагы.**

Белгилүү Алжир интеллектуалы жана окумуштуусу Малек Бенаби (1905-1973), коомчулуктагы мусулманчылыктын кескин начарлап кетүүсүнө тынчсызданып, ага себеп болгон таасирлерди, ошол эле учурда Батыш цивилизациясынын жетишкендиги жана ийгилигинин себептерин тактоого изилдөө жүргүзгөн. Бенаби изилдөөлөрүнө таянып, мусулманчылыктын начарлап кетүүсүнө Куран же Ислам дининин терс таасири эмес, мусулмандардын өздөрүнүн коомдук жүрүм-туруму себептүү деген жыйынтыкка келген.

Бул эмгекте, Бенабинин цивилизацияны изилдөө ыкмаларынын негизги себебин, анын теоремасындагы эң негизги болгон элементтерди толук ачып берүү үчүн, цивилизацияны башкарган ички-тышкы жана социалдык-интеллектуалдык факторлору жөнүндө, цивилизацияга карата түзүлгөн теңдемеге ачыктык киргизүү максатында метатеоретикалык (башка бир теориянын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн иликтөө) методология колдонулган.

Бенаби, адам, топурак, убакыттан турган бирикмени цивилизацияга карата түзүлгөн теңдеме катары караган, ал эми бул үч элементти байланыштырып, кыймылга келтирип, башкарып турган күч бул – дин деп эсептеген. Изилдөөнүн алкагында мусулманчылыктын начарлап кетүүсүндөгү диндин адам, топурак, убакытка тийгизген таасирилери каралып, аларга баа берилет. Белгилүү болгондой Бенаби адам бардык цивилизациялык жараяндардын борбордук күчү, ансыз жер менен убакыттын эч кандай баалуулугу жок деп эсептеген.

Натыйжаларга келсек, Беннабинин кынтыксыз ишеними «Акыйкатта, коом өздөрүндөгү нерсени өзгөртмөйүнчө, Аллах аны өзгөртпөйт” (13:11) деген Кураний аятты “Мусулмандар руханий абалын өзгөртпөсө, коомдогу эч кандай олуттуу өзгөрүүлөрдү жасай алышпайт», – деп чечмелейт.

Ислам Ойлору Эл аралык Институту (IIIT)

978-1-56564-596-7